## “Ийгиликке шилтеме” рефералдык маркетингдин эрежелери жана шарттары

### 1. Жалпы жоболор

1.1 Ушул эрежелер “Кыргыз инвестициялык-кредит банкы” жабык акционердик коому тарабынан **“Ийгиликке шилтеме”** рефералдык маркетингди (мындан ары – Акция) өткөрүүнү жөнгө салат.

1.2 Ушул эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан.

1.3 Акция ушул эрежелерде камтылган айкын оферта шарттарында өткөрүлүүчү маркетингдик иш-чара болуп саналат.

### 2. Терминдер жана аныктамалар

2.1 **Рефералдык маркетинг –** бул Банктын кардарларынын сунуштамаларына негизделген маркетингдик стратегия. Рефералдык маркетингдин алкагында KICB мобилдик тиркемесинин (мындан ары – KICB МТ) учурдагы колдонуучулары өзү үчүн дагы, чакырылган адамдар үчүн дагы сый акы үчүн KICB МТнын потенциалдуу жаңы колдонуучуларын чакыра алышат.

2.2 **KICB МТ** – бул мобилдик түзмөк аркылуу банктык эсептердеги акча каражаттарын башкаруу боюнча Кардарга банктык кызматтарды көрсөтүү үчүн арналган программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруучулук иш-чаралардын системасы.

2.3 **Рефералдык шилтеме** – бул KICB мобилдик тиркемесинде катталган кардардын ал аркылуу ушул Акциянын алкагында KICB мобилдик тиркемесинин потенциалдуу жаңы колдонуучулары чакырыла турган жеке шилтемеси.

2.4 **KICB МТнын учурдагы колдонуучусу** – бул Акция башталган күнгө чейин Банктын кардары жана KICB мобилдик тиркемесинин колдонуучусу болуп саналган жеке адам же жеке ишкер.

2.5 **KICB МТнын жаңы колдонуучусу** – бул Акцияны өткөрүү мезгилинде KICB мобилдик тиркемесинде аралыктан каттоодон ийгиликтүү өткөн же Банктын кеңсесинде катталган, KICB мобилдик тиркемесине жетүү мүмкүндүгү бар жеке адам же жеке ишкер.

2.6 **Реферер** – бул рефералдык шилтемелердин жардамында потенциалдуу жаңы колдонуучуларды тарткан, KICB МТнын учурдагы / жаңы колдонуучусу.

2.7 **Реферал** – бул KICB МТда реферердин рефералдык шилтемеси аркылуу катталган, анын жаңы колдонуучусу.

2.8 **Банк** - “Кыргыз инвестициялык-кредит банкы” жабык акционердик коому, Улуттук банктын №046 лицензиясы, юридикалык дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бул., 21, Акциянын уюштуруучусу.

2.9 **Банк менен аффилирленген жактар** – бул Акцияны уюштуруу жана өткөрүү менен түз же кыйыр байланыштуу болгон, аны ишке ашыруу жөнүндө маалыматка жетүү мүмкүндүгүнө ээ болгон же Акциянын жүрүшүнө жана жыйынтыктарына таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жактар.

### 3. Акциянын шарттары

3.1 Акция жана бардык катышуу эрежелери жөнүндө толук маалыматтын булагы болуп Банктын www.kicb.net расмий сайты (мындан ары – “Сайт”) саналат.

3.2 Акцияны өткөрүү мезгили: 2025-жылдын 1-сентябрынан 2025-жылдын 30-ноябрына чейин кошо алганда, жеңүүчүлөргө акчалай сый акыны берүү мөөнөттөрүн эсепке алуусуз.

3.3 Ушул Эрежелерге ылайык KICB МТнын колдонуучулары ар кандай мессенджерлер, социалдык тармактар жана башка байланыш каналдары аркылуу потенциалдуу жаңы колдонуучулар менен рефералдык шилтемени бөлүшө алышат.

3.4 Акция төмөнкү этаптардан турат:

- №1 орто аралык этабы: 2025-жылдын 1-сентябрынан 30-сентябрга чейин кошо алганда;
- №2 орто аралык этабы: 2025-жылдын 1-октябрынан 31-октябрына чейин кошо алганда;
- Негизги этап: 2025-жылдын 1-сентябрынан 2025-жылдын 30-ноябрына чейин кошо алганда.

3.5 Акциянын алкагында төмөнкү сый акы түрлөрү каралган:

- Рефererге сый акы;
- Рефералга сый акы;
- Орто аралык сый акылар;
- Негизги этап үчүн сый акы.

3.6 Акциянын катышуучулары болуп 16 жаш куракка чыккан, Кыргыз Республикасынын жараны болгон, Акция башталган күнгө чейин же аны өткөрүү мезгилинде KICB МТда аралыктан каттоодон ийгиликтүү өткөн / Банктын кеңселеринде катталган бардык жеке жактар жана Банктын кеңселеринде катталган резидент эместер саналат.

3.7 Юридикалык жактар, Банктын кызматкерлери жана Банк менен аффилирленген жактар Акцияга катыша алышпайт.

3.8 KICB МТда аралыктан каттоодон өткөн катышуучулар 200 000 (эки жүз миң) сом өлчөмүндө кирген төлөмдөргө карата ар айлык лимиттерге ээ болушат. Көрсөтүлгөн лимитке жеткенде, лимит жаңыртылган же көбөйтүлгөн учурга чейин сый акыларды чегерүү токтотулат. Лимитти жаңыртуу кийинки календардык айдын биринчи жумуш күнүндө автоматтык түрдө ишке ашырылат. Лимитти көбөйтүү үчүн толук идентификациялоодон өтүү максатында Банктын каалаган бөлүмүнө кайрылуу керек. Лимитти жаңырткан/ көбөйткөн учурдан тартып 24 саат ичинде сый акыларды чегерүү кайра улантылат.

3.9 Эгерде кардарлардын телефондорунда (iOS, Android) тиркеме блокаторлору орнотулган болсо (мисалы, AdBlock Plus, uBlock Origin, AdGuard ж.б.), VPN туташтырылган, жана телефондун жөндөөлөрүндө (iOS) "Бардык кукилерди бөгөттөө" функциясы иштетилген (жол: Орнотуулар - Тиркемелер - Safari - Кошумчалар - Бардык кукилерди бөгөттөө):

- жаңы колдонуучу үчүн сый акы (Рефералга) эсепке алынбайт
- шилтемени жөнөткөн адам (Рефererге) бул кардар үчүн эсепке алынбайт жана ошого жараша жолдомо чакырылгандардын тизмесинде чагылдырылбайт.

## 4. Рефererлердин жана рефералдардын сый акысы

4.1. Сыйлоо механикасы **2025-жылдын 1-сентябрынан 30-сентябрга чейин** (кошо алганда):

4.1.1. Рефerer анын рефералдык шилтемеси боюнча катталган ар бир 10 (он) жаңы реферал үчүн 500 (беш жүз) сом өлчөмүндө сый акы алат. Рефererге сый акы 10 (он) жаңы рефералга жеткенине жараша анын негизги эсебине (эсептешүү/карта эсеби) чегерилет. Акцияны өткөрүү мезгилинде рефererдин рефералдык шилтемеси боюнча KICB МТда аралыктан каттоодон ийгиликтүү өткөн реферал эсепке алынат.

4.1.2. Реферал Акцияны өткөрүү мезгилинде рефererдин рефералдык шилтемеси боюнча ийгиликтүү аралыктан идентификациялоодон өткөн шартта 50 (элүү) сом өлчөмүндө сый акы алат. Рефералга сый акы дароо анын негизги эсебине (алдын ала белгиленген эсеп) чегерилет.

4.1.3. Эгерде сентябрдын жыйынтыгы боюнча рефerer тарткан рефералдардын саны толук 10 (ондук) эмес 5 (беш) жана андан көп рефералды түзсө, Банк ар бир

реферал үчүн 50 (элүү) сом өлчөмүндө сый акыны кошумча төлөйт. Эгерде реферер тарткан рефералдардын саны 5тен (беш) азды түзсө – кошумча сый акы төлөнбөйт.

4.1.4. 5тен (беш) азды түзгөн калдык 2025-жылдын 1-октябрынан тартып нөлгө келтирилет.

4.2. Сыйлоо механикасы **2025-жылдын 1-октябрынан 30-ноябрына чейин** (кошо алганда):

4.2.1. Реферер Акцияны өткөрүү мезгилинде анын рефералдык шилтемеси боюнча KICB мобилдик тиркемеминде аралыктан каттоодон ийгиликтүү өткөн ар бир жаңы реферал үчүн 100 (жүз) сом өлчөмүндө сый акы алат. Рефererге сый акы дароо анын негизги эсебине (алдын ала белгиленген эсеп) чегерилет.

4.2.2. Реферал Акцияны өткөрүү мезгилинде реферердин рефералдык шилтемеси боюнча ийгиликтүү аралыктан идентификациялоодон өткөн шартта 100 (жүз) сом өлчөмүндө сый акы алат. Рефералга сый акы дароо анын негизги эсебине (алдын ала белгиленген эсеп) чегерилет.

4.3. Эгерде чакырылган колдонуучу Акция башталганга чейин же Акция аяктагандан кийин идентификациялоодон өтсө, рефererге жана чакырылган колдонуучуга сый акы чегерилбейт.

4.4. Эгерде реферал өзүнүн рефералдык шилтемеси боюнча KICB МТга жаңы кардарларды тартса, ал реферер болот жана мезгилге ылайык 4.1 жана 4.2 - пункттарда көрсөтүлгөн шарттарга ылайык сый акы алат.

4.5. Бул Акциянын алкагында сый акы алууга байланыштуу бардык салыктар Банк тарабынан төлөнөт.

## 5. Негизги жана орто аралык этаптар үчүн сый акылар

5.1. Акциянын ар бир орто аралык этабынын жыйынтыктары боюнча тиешелүү отчеттук айдын ичинде рефералдык шилтеме аркылуу KICB МТда колдонуучулардын эң көп санын тарткан 10 (он) катышуучу аныкталат. Мында катышуучулар тартылган колдонуучулардын саны боюнча белгиленген минималдуу талаптарга шайкеш келиши керек.

5.2. Бир байге орунуна бирдей санда колдонуучуларды тарткан бирден көп катышуучу талаптанса, 5.5.3-пунктка ылайык KICB МТда (QR сатып алуулар) жана/же карта боюнча (POS, e-com) эң чоң жыйынды транзакциялар көлөмүн жүргүзгөн катышуучу тиешелүү байге ордун ээлеген жеңүүчү деп табылат.

5.3. Орто аралык этаптын жеңүүчүлөрү үчүн сый акынын өлчөмү жана минималдуу критерийлер:

| Жеңүүчүлөрдүн саны | Сый акынын өлчөмү (1 жеңүүчүгө) | Отчеттук айда тартылган колдонуучулардын минималдуу саны (1 катышуучуга) |
|---|---|---|
| 10 | 50 000 сом | 250 колдонуучу |

5.4. Бир орто аралык этаптын жеңүүчүсү болгон катышуучу башка орто аралык этаптын жеңүүчүлөрүнүн катарынан чыгарылат.

5.5. Акцияны өткөрүүнүн бардык мезгилинин жыйынтыктары боюнча төмөнкү категорияларда ыйгарылуучу ар бири **1 000 000 (бир миллион) сом** өлчөмүндө 2 (эки) негизги сый акы каралган:

5.5.1. **Тартылган колдонуучулардын эң көп саны үчүн**

Акциянын бардык мезгилинде жеке рефералдык шилтеме аркылуу KICB МТда эң көп санда жаңы колдонуучуларды тарткан катышуучуга ыйгарылат. Катышуучу минималдуу критерийлерге жооп бериши керек: **1 000ден кем эмес тартылган кардарлар**. Бул категорияда Акция башталган күнгө чейин же аны

өткөрүү мезгилинде KICB MTда аралыктан катталган же Банктын кеңселеринде катталган бардык жеке жактар катышат.

5.5.2. **Транзакциялардын эң чоң көлөмү үчүн**

Акциянын бардык мезгилинде 5.5.3-пунктка ылайык KICB MTда (QR сатып алуулар) жана/же карта боюнча (POS, e-com) транзакциялардын эң чоң жалпы көлөмүн жүргүзгөн катышуучуга ыйгарылат. Катышуучу минималдуу критерийге жооп бериши керек: **транзакциялардын көлөмү боюнча 300 000 сомдон кем эмес жана саны боюнча 100дөн кем эмес төлөмдөр**. Бул категорияда Акцияны өткөрүү мезгилинде банктык картаны таризденген жана/же KICB MTда аралыктан катталган же Банктын кеңселеринде катталган жеке жактар гана катышат.

5.5.3. **"Транзакциялардын эң чоң көлөмү"** категориясында катышкан/ катышпаган төлөмдөр:

| **Аталышы** | **Акцияга катышкан төлөмдөр** | **Акцияга катышпаган төлөмдөр** |
|---|---|---|
| **Карталар** | Ecom – интернет-төлөмдөр | АТМ/ПВНда (банкоматтар жана POS терминалдар) жана Банктын ЧКО (чыгыш кассалык ордери) аркылуу бөлүмдөрдө акчага айландыруу жана башка төлөмдөр |
| | POS терминалдын жардамында товарларга жана кызматтарга накталай эмес төлөө | |
| **QR** | ELQR стандартынын QR коддору аркылуу товарларга жана кызматтарга төлөө | KICB QR аркылуу, анын ичинде башка Банктардын ELQR аркылуу жеке жакка толуктоо жана/же которуу. |
| | ELQR стандартынын QR коддору аркылуу мамлекеттик кызматтарга төлөө | |

5.5.4. **"Транзакциялардын эң чоң көлөмү"** категориясына катышпайт: 2025-ж. 30-ноябрында саат 23:59дан кийин жүргүзүлгөн төлөмдөр; Акциянын бардык мезгилинде бир эле соода түйүнүндө жүргүзүлгөн төлөмдөр; кайтаруу таризделген төлөмдөр.

5.6. Негизги сый акыга кошумча **"Тартылган колдонуучулардын эң көп саны"** жана **"Транзакциялардын эң чоң көлөмү"** категорияларында минималдуу талаптарды аткарган шартта тизмеде негизги сый акылардын ээлеринен кийин турган катышуучуларга ыйгарылуучу, **ар бири 50 000 (элүү миң) сом өлчөмүндөгү 5 (беш) кошумча сый акы** каралган.

5.7. Бир катышуучу эки категорияда тең негизги сый акылардын жеңүүчүсү деп таанылбайт. Эгерде бир эле катышуучу бир убакта эки категориянын шарттарына туура келсе, негизги сый акы **"Тартылган колдонуучулардын эң көп саны"** үчүн ыйгарылат, ал эми **"Транзакциялардын эң чоң көлөмү"** үчүн сый акы белгиленген минималдуу критерийлерге жооп берген, тизме боюнча кийинки катышуучуга өтөт.

5.8. Орто аралык этаптын жеңүүчүсү деп таанылган катышуучу Акциянын бардык мезгилинин жыйынтыктары боюнча негизги сый акылардын биринин жеңүүчүсү деп табылышы мүмкүн.

5.9. Сый акыны чегерүү учурунда Акциянын катышуучулары KICB MTнын колдонуучулары болууга тийиш.

5.10. Бул Акциянын алкагында сый акыны алууга байланыштуу бардык салыктар Банк тарабынан төлөнөт.

## 6. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сый акыларды алуу тартиби

6.1. Акциянын орто аралык жана негизги этаптарынын жыйынтыктарын чыгаруу тиешелүү этап аяктаган учурдан тартып 10 (он) календардык күндөн кеч эмес ишке ашырылат.

6.2. Негизги жана/же орто аралык этаптар үчүн акчалай сый акынын ээлери болгон Акциянын жеңүүчүлөрү жыйынтыктарды чыгаргандан кийин 5 (беш) жумуш күнү ичинде Банктын +996 (312) 62 01 01 же +996 (553/ 774) 62 01 01 расмий телефон номерлеринен кабарланат.

6.3. Жеңүүчүгө биринчи жолу чалган күндөн тартып 3 (үч) календардык күн ичинде 3 (үч) жолудан кем эмес чалышат. Жеңүүчү чалууга жооп бербеген учурда, абоненттик номер боюнча жеңүүчүнүн жеткиликтүү болбогондугу (жеңүүчүнүн мобилдик телефону өчүрүлгөн, байланыш тармагынын тейлөө аймагынан тышкары турат ж.б.) Банк тарабынан кошумча чалуу үчүн негиз болуп саналбайт.

6.4. Эгерде байланыш маалыматын бербегендигинен же туура эмес байланыш маалыматын бергендигинен улам, же 6.3-пунктка ылайык башка себептерден улам Акциянын жеңүүчүсү менен байланышуу мүмкүн болбосо, байгени алуу укугун жеңүүчүдөн кийинки Катышуучу алат.

6.5. Жеңүүчүгө акчалай сый акыны чегерүү Жеңүүчү Банкка жарактуу өздүгүн күбөлөндүрүүчү документти – паспортту берген, ошондой эле сый акыны алуу үчүн кайрылган адам акчадай сый акынын ээси экенин тастыктаган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде KICB МТдагы эсептешүү жана/же карта эсебине акча каражаттарын которуу аркылуу ишке ашырылат.

6.6. Акчалай сый акы эгерде өздүгүн күбөлөндүргөн документте – паспортто көрсөтүлгөн ФАА жана туулган күнү KICB МТда көрсөтүлгөн идентификациялык маалыматтарга дал келбесе, аны алуу үчүн кайрылган адамга чегерилбейт.

6.7. Жеңүүчү акчага айландыруу үчүн комиссияны, ошондой эле Банктын тарифтеринде жана комиссияларында каралган башка комиссияларды жана кармап калууларды өз алдынча төлөйт.

6.8. Акча каражаттарын алуу фактысы Банктын эсебинен акча каражаттарын эсептен алуу жана жеңүүчүнүн эсебине которуу болот.

## 7. Отчеттуулук жана жарыялоолор

7.1. Статистиканы жана Акциянын шарттарын чагылдыруу KICB МТнын ар бир колдонуучусуна “Шилтеме боюнча досторуңду чакыр” салмасында жана башкы бетте Акция үчүн жарнамалык баннери аркылуу төмөнкү түрдө жеткиликтүү болот:

- 7.1.1. Көрүү учурунда алынган сый акылардын суммасы;
- 7.1.2. Көрүү учурунда рефердин ефералдык шилтемеси боюнча KICB МТда ийгиликтүү идентификацияланган рефералдардын саны;
- 7.1.3. Көрүү учурунда рефердин ефералдык шилтемеси боюнча KICB МТда ийгиликтүү идентификацияланган рефералдардын тизмеси;
- 7.1.4. Акциянын эрежелери жана шарттары;
- 7.1.5. Рефералдык шилтеме.

7.2. Орто аралык этаптардын жеңүүчүлөрү, негизги жана кошумча сый акылардын ээлери жөнүндө маалымат Банктын расмий Сайтында жарыяланат.

## 8. Укуктар жана милдеттер

8.1. Катышуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

8.1.1. Ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн көлөмдө жана тартипте Акция тууралуу маалыматты алууга;

8.1.2. Ушул Эрежелерге ылайык сый акы алууга;

8.2. Акцияга катышуу фактысы катышуучу ушул Эрежелер жана шарттар менен таанышканын жана алар менен толук макул экенин ырастайт.

8.3. Акцияга катышуу фактысы катышуучунун Акцияны илгерилетүү жана анын жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо максатында анын жеке маалыматтарын, анын ичинде фамилиясын, атын, атасынын атын, байге ордун, байгенин аталышын жана сыйлоо салтанатындагы фотоматериалдарды иштеп чыгууга жана пайдаланууга макулдугу катары каралат.

8.4. Банк ушул Эрежелерге жана шарттарга ылайык Акцияны өткөрүүгө жана катышуучуга сый акы берүүгө милдеттенет.

8.5. Банк 3.8-пунктка ылайык KICB МТда аралыктан каттоодон өткөн, Акциянын катышуучуларынын кирген төлөмдөрүнө карата лимиттерге жеткен учурда сый акыны чегерүүнүн мүмкүн эместиги же өз убагында эмес чегерилгени үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.6. Банк өзүнүн кароосу боюнча каалаган убакта Эрежелерге жана Акциянын шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун өзүнө калтырат. Акцияны өткөрүүнү узартуу, токтотуу жөнүндө, ошондой эле анын Эрежелерине жана шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маалымат Банктын Сайтында жайгаштырылат.

8.7. Акцияны өткөрүүгө байланыштуу талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.